# Окуучуларга коюлуучу бирдиктүү талаптар

# Сабакка чейин:

1. Мектепке келе жатканда жолдо жүрүүнүн эрежесин сактоону унутпа!

2. Мектепке кирип жатып, бут кийимиңди тазалап кир.

3. Тыныгуу учурунда коридордо өзүңдү тынч алып жүр, мугалимдерге жол бер.

4. Өзүңдүн жана башканын убакытын текке кетирбе. Сабак башталышына 15 мүнөт калганда мектепке келүүгө аракет кыл.

5. Мектепке мектеп формасын кийип кел.

6. Мектепке керек эмес нерселерди алып келбе.

# Сабак учурунда:

1. Биринчи коңгуроо кагылышы менен сабакка тиешелүү нерселерди даярда жана өз ордуңду ээле.
2. Сабак болуп жаткан мезгилде эшиктен кирген мугалимге же болбосо чоң адамга ордуңдан туруп салам бер.
3. Сабакты көңүл коюп ук жана сабакка активдүү катыш.
4. Сабакта сени бары угуусу үчүн, ооз эки жооп берерде тунук жана каттуу сүйлө.
5. Сабакта бардык нерселерге жетишүүгө аракет жаса.
6. Эсиңде болсун: Окуу бул – сенин негизги эмгегиң!
7. Үйгө берилген тапшырманы күндөлүккө жаз.
8. Сабакта жана үйдө эмгек кодексиндеги эрежелерге баш ий.

# Тыныгуу учурунда:

1. Тыныгуу учурунда класстан тышка чык.

2. Мектептин коридорунда оң жак менен жай бас.

3. Тепкичте басканда оң жак менен тосмону кармап бас.

4. Тыныгуу учурунда бакырба жана шоктонбо.

5. Мектепте мугалимдер жана чоңдор менен саламдаш. Аларга дайыма жол бошот.

6. Тазалыкты сакта. Түшүп калган таштандыны же кагазды алып, таштанды чакага салуудан эринбе.

7. Дежур окуучулар дайыма сабакка керектелүүчү нерселерди даярдап коюсу керек.